# АЯЛДАРДЫН ДЕН СООЛУГУНУН КЫРГЫЗ ЭТНОМАДАНИЯТЫНДАГЫ ОРДУ

**Ж.К. Исакова, Г.С. Омуркулова, Ч.Р. Калиева, М.С. Мусуралиев**
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы,
№1- акушерлик жана гинекология кафедрасы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

***E-mail: nauka555@mail.ru***

**Корутунду.** Этномаданияттагы жана саламаттыкты сактоо системасындагы аялдардын репродуктивдик саламаттыгын жакшыртууга арналган иш чаралардагы илимий изилдөөлөрдөгү маалыматтарды колдонуу аркылуу элдик медицинадагы этнографиялык жактан изилдөө. Элдин байыркы учурлардан берки топтолгон маданий чыгармачылыгы, турмушта колдонулуп , муундан муунга өтуп келген позитивдүү эмпирикалык билими жана соңку учурдагы акушердик иштин маселелери изилдөөгө алынды.

**Негизги сөздөр:** элдик медицина, репродуктивдик саламаттык, коопсуз энелик, партнердук төрөт, кыргыз этномаданияты.

# ВОПРОСЫ РЕПРОДУКТИВНОГО ЗДОРОВЬЯ ЖЕНЩИН В ЭТНОКУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗОВ

**Ж.К. Исакова, Г.С. Омуркулова, Ч.Р. Калиева, М.С. Мусуралиев**
Кыргызская государственная медицинская академия им. И.К. Ахунбаева,
кафедра акушерства и гинекологии №1
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** Этнографическое исследование народной медицины и использование информации, которую мы получаем из этнокультуры, а также из научных исследований, в мероприятиях, направленных на улучшение состояния репродуктивного здоровья женщин. Накопленные прошлым культурным творчеством народа проверенные и сопоставленные на практике многими поколениями людей, позитивные эмпирические знания и вопросы современного акушерства.

**Ключевые слова:** народная медицина, репродуктивное здоровье, безопасное материнство, партнерские роды, этнокультура кыргызов**.**

# THE REPRODUCTIVE HELTH PROBLEMS OF WOMEN IN THE ETHNIC CULTURE OF THE KYRGYZ

**J.K. Isakova, G.S. Omurkulova, Ch.R. Kalieva, M.S. Musuraliev**
Kyrgyz Sate Medical Academy named after I.K. Akhunbaev,
Department of obstetrics and gynecology №1
Bishkek, the Kyrgyz Republic

**Summary.** The medical and ethnographic research of traditional medicine and use of information we obtain from the ethnic culture, as well as from, scientific researches, in the activities aimed at improving women health. Accumulated by past cultural creativity of the people tested, and mapped in practice by many generations of people positive empirical knowledge and issues of modern obstetrics.

**Key words:** folk medicine, reproductive health, safe maternity, birth partner, ethnic culture of the kyrgyz.

Улуттук аң сезиминин жогорулашы, өзүнүн тарыхына, маданиятына, бүткүл дүйнөлүк цивилизациясында болгон ордуна кызыкчылыгынын өсүшүү Советтер Союзу жоюлгандан кийинки өнүгүнүн өзгөчөлүгү болуп эсептелинет. Азыркы мезгилде көп өлкөлөр «этникалык кайрадан жаралуу» феномени менен дуушар болушту [1]. Этносторлун көздөгөну маданияттагы, социал-политикалык өнугудөгу, колониалдык империялардын учурунда пайда болгон илимий техникалык прогресске, урбанизацияга, массалык миграцияларга, глобализацияга, динге жана арабизацияга байланышкан объективдүү процесстерге болгон реакциясы.

Бул маселени бирден бир чечүү жолу – кыргыз маданиятынан жана илимий изилдөөлөрдөн саламатты сактоо системасын жана адамдардын ден соолугун жакшыртууга арналган иш чаралардан алынган маалыматты колдонуу.

Биздин **изилдөөнүн максаты** – кыргыздардын тукум улоо менталдыгынын түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө таасир эткен тарыхый маданий аспекттерин ачып көрсөтүү.

Улуттардын өздүк турмушунун өзгөчөлүктөрүн түшүнүү «маданият», «этникалык маданият», «улуттук медицина» жана башка деген түшүнүктөрүү менен байланышкан, ошондуктан аларды этно-социалдык жана медициналык таанып билүү аспектте изилдөө зарылдыгы пайда болду.

Кыргыздардын этномаданияты деген эмне жана улуттук медицинада, анын ичинде заманбап официалдуу медицинада кандай орунду ээлейт?

Илимий медицинанын жаралышынын негизи элдин тажрыйбасы. Илимий медицина көп убакыттын ичинде традициялык көрүнүштөр жана дарылоо ыкмалары менен тыгыз байланышта болчу. Бир эле убакытта социалдык-маданий сфералардагы илимий медицинанын жана улуттук дарылоонун иш аракеттеринин ортосунда айрылыш пайда болуп жана кескин түрдө терендеди. «Кыргызча» дарылоо медициналык практикада четке кагылган, бир мезгилде зордук жолу менен, анын

ичинде административдүү куугунтуктоо, идеологиялык дискредитациялоо жана башкалар.

Бирок, элдик медицина эч нерсеге карабастан колдонолуп жүрдү жана азыркы учурга чейин колдонулат. Ю.В. Бромлейдин жана А.А. Вороновдун «элдик медицина ар кандай элдин билимдериндей эле ар бир элдин маданиятынын, анын ичинде руханий маданиятынын, ажыратылгыз бөлүгү» [2]. Деген ойлоруна кошулбай кою мүмкүн эмес.

Традициялык медицинаны объективдүү баалоонун жана илимий изилдөөнүн практикалык мааниси өзгөчө актуалдуу болуп турат.

Кытайдын окуумуштуулары жана дарыгерлери рандомизацияланган клиникалык изилдөөлөрдө жана далилдөө негиздерине таянган илимдин өнүгүсүүнүн заманбап учурунда традициялык кытай медицинасын колдонушат. Бир четинен, биз азыркы убакытта элдик дарылоонун ыкмаларына илимий медицинанын өкүлдөрүнүн элдик дарылоонун кылымдарды карыткан тажрыйбасындагы көптөгөн жетишүүлөрүн четке кага алышпагандыгынан өсүп бара жаткан кызыгуусун байкап жатабыз.

Маданияттын жана турмуштун башка элементтери менен бирге элдик медицина, элдин этникалык өзгөчөлүгүн чагылыштырган спецификалык белгилери менен көрсөтүлүп, дагы эң маанилүү болуп калды. Биз репродуктивдүү ден соолуктун тарыхый аспекттерине токтолуп кеткибиз келди.

Кыргыз үй бүлөдө баланын төрөлүшү бактылуу окуя болуп эсептелет. Абдан чон бакыт – эркек балалуу болуу. Төрөлөрү менен атасы той берчү, атага сүйүнчүлөп келген адам баалуу белек алар эле. «Ата болуу жана эне болуу өзү менен кошо балдардын бактылуу жана ден соолуктуу болушунун терен каалоосун алып келет». «Бул көрүнүш жердин ар бир бурчундагы жашоонун константаларынын бири болуп эсептелет» – деп 2005 жылы Женевадагы Бүткүл дүйнөлүк Саламаттык Сактоо күнүнө арналган Бүткүл дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун генералдык башчысы доктор Ли Чон-вука докладында айтылган [3].

Балдар биздин коомдун келечеги, алардын апалары – ал келечектин сакчылары. Дүйнөдөгү башка улуттардыкындай эле, бир нече дени сак балдарды төрөгөн кыргыз аялдар, баардык элдин сый урматына бөлөнгөн. Тескерисинче, тукумсуз аялдар (туубас) эч качан өзүн үйдүн кутундай сезе алчу эмес. Мындай аялдар өмүр бою шылдыңдап «келинжан» деп аталып, жана «куу баш» деп жек көрүнөөр эле. Мисалы, Каныкейдин Алманбетке тукумсуздугуна кайгырып айтканы [4]:

*Таянар жалгыз төрөмдү*
*Жаман жолго жөнөлду*
*Жанын тирүү көрөмбү?!*
*Айрылып калып айкөлдөн*
*Армандуу бойдон өлөмбү?!*

Тукумсуз аялга өзбөктердин дагы мамилеси окшош. «Тукумсуз деген аталыш, – В. Наливкин менен М. Наливкиндердин жазганы менен – «бузулган» деген аталышка барабар» [5]. Тукумсуз аял өзүн бакытсыз эсептечү.

Дүйнөдө күнүгө кош бойлуулукка жана төрөткө байланышкан татаалдануулардан 830 жакын аялдар каза болот. 2015 жылы 303000 жакын аялдар

кош бойлуулук жана төрөт учурунда каза болушкан. Бул өлүмдөрдүн көбү кирешелери төмөн өлкөлөрдө болгон, алардын басымдуу санын алдына алып коюуга толук мүмкүн эле [6]. Стабилдүү эмес деген өлкөлөрдө бул коркунуч саламатттык сактоо системасынын кыйрашынын күбөлүгү.

Азыркы күндө акушерликке байыркы кыргыздардын тарыхындагы негизги бөлүктөрү болгон коопсуз энеликтин, партнердук төрөттүн жана башка принциптери киргизилип жатат. Өткөн заманда бактылуу энеликтин жолунда, кыргыз аялын бир нече коркунучтар күткөн эле, алар коопсуз энеликке жана ымыркайды эффективдүү перинаталдык кароого байланышкан. Алардын ичинде, биринчиден, ара төрөт, бала салуу, оор төрөт, төрөгөн аялдын өздүк гигиенасы жана ымыркайды багуу жана башкалар кирет.

Төрөт кош бойлуу аялдын жашоосундагы эң оорчунду маал деп эсептешкен. Кыргыз аялдары боюнан өтө жеңил бошоноор эле. Төрөткө чейин алар ат минип жүрчү. Төрөт эки-үч сааттан көп убакытты алган эмес. Бирок, ага карабастан, кыргыз аялы төрөттүн башталышын чоң коркунуч менен күтчү. Толгоосу башталаары менен ага аначы же эмчини чакырышчу.

Төрөт учурундагы акушерликтин бирден бир эффективдүү бөлүктөрүнүн бири «бир аял – бир акушер» деп эсептелинет. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй бул ыкманын залакалары жана ага тиешелүү коркунучтар жок. Төрөгөн аялдардын жетиштүү эмес кароонун натыйжасын түшүнүү зарыл. Негизинен колдон келишинче кош бойлуунун, ошондой эле төрөгөн аялдын жана анын үй бүлө мүчөлөрүнүн оң эмоцияларын түзүгөө жардам берүү өзгөчө маанилүү.

Бул ыкманын ийгиликтүү эффекттерин эске алып эне менен баланын ден соолугун жакшыртуу үчүн көптөгөн медициналык ассоциациялар партнердук (колдоочу) төрөттү сунушташат. Демек, партнердук төрөткө катышуусуна уруксаат берилип жана жардамдашуу зарыл.

Идеалдуу коштоп жүрүүчү болууга же күйөөсүн же партнерун чакырса болот, кээде башка аял кишини, мисалы, энесин, кайын энесин, эжесин же курбуусун болбосо жөн эле башка тааныш аялды алса болот. Кандай болбосун, партнерду (колдоочуну) кош бойлуу аял өзү тандашы керек. Төрөттү кабыл алуу илгери кыргыздардын философиялык жана этникалык көз карашы менен тыгыз байланышкан. Биздин ата-бабаларыбыз дүйнөнүн мүнөзүн – дуалдуу (dualis – эки мүнөздүү) деп эсептешкен, анын негизинде теңирчиликтин принциптерин, ой-жүгүртүүлөрүн, эки ар башка бири бирине карама каршы абалдарды түшүнгөн. Кыргыздардын түшүнүгүндө «дуализм» – бул эки карама каршы жана ошол эле кезде бири бирин толуктоочу турмушта боло турган негиздер, мисалы, эркек менен аял.

Гендердик планда эркек биринчи орунду ээлейт (дүйнөлүк философияда «эркек» деген түшүнүк, «кудай», «Тенир Ата», «асман», «рух», «акыл», «түбөлүктүк», «күч», «янь» деген терминдерди билдирет) жана эркек аялдын жумушуна киришпейт (аял деген – «умай эне», «материя», «жер», «сезим», «алсыздык», «инь»). Бирок, ошол эле мезгилде бул терминдер бири би-

рине барабар, «инь» =«янь». Ошондуктан,нормалдуу төрөткө эки-уч аял жардам беришчу, жана эркектер төрөткө такыр кошулган эмес. Психологиялык жана традициялык түшүнүктөрдө, чыгыштык аялдар эркек кишини (медик болсо деле) төрөткө катышуусун каалабайт.

Азыркы замандын медиктери, байыркы эмчи жана аначылардагы төрөп жаткан аялды жалгыз калтырууга болбойт экенин түшүнүшкөн. Идеалдуу учурда бир аялды бир акушерка тейлейт. Төрөткөжана төрөттөн кийинки мезгилде аначылар физикалык, моралдык жана психологиялык жагынан жардам берип, жана балага байланышкан чечимдерди кабыл алууга чакырып, татаалдануударды жокко чыгарып, жана төрөттөн кийин жакшы кам көрүшөт. Мурункуда айтылгандай, кыргыздарда баланын төрөлүшү уникалдуу, чоң бакыт алып келе турган окуя болгондуктан, аначылар, эмчилер алардын үйбүлөсүндө, «экинчи эне» же «киндик эне» деп урматталчу. Заманбап батыштын окумуштууларынын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, чалкалап жаткан позиция күмөндүн абалына жана төрөт процессине терс таасир тийгизет, анткени мындай позицияда жатындын кан жүгүрүүсү бузулуп жана толгоолордун эффективдүүлүгү төмөндөйт [3]. Негативдүү таасирлерди азайтуучу ыкмалардын бири төрөттөгү аялдын позицияларын бат-баттан которуп туруу болуп чыгат. Төрөт учурунда олтуруп, туруп, басып жургөн аялдардын төрөт мезгилдери жата берип төрөгөн аялдардыкынан азыраак болгон. Бул топтогу аялдарга ооруну азайтуучу препараттар жана эпидуралдык анестезия азыраак колдонгон жана толгоону күчөтүүчү окситоцин дагы сейрек учурларда колдонгон. Бир изилдөөдө, эгер аялдар вертикалдуу позицияда төрөсө, балдардын жүрөктөрүнүн иш аракеттеринин бузулуусу жана ымыркайлардын Апгар боюнча баалоосунун төмөндөшүү кескин түрдө азайган [3].

Көптөгөн рандомизацияланган изилдөөлөр төрөттүн экинчи мезгилинде колдонгон вертикалдуу позициянын артыкчылыктарын, анын ичинде: төрөттүн экинчи мезгилинин кыскаруусу, инструменталдык кийлигишүүлөрдүн, эпизиотомиялардын азаюусун аныкташкан.

Бул илимий изилдөөлөдөн жана теориялардан кыргыз аялы алыс болгону менен, бирок этнографиялык материалдардан жана элдик оозеки чыгармалардан билгендей – кыргыз аялы түз туруп же чок түшүп олтуруп, боз үйдүн ичиндеги баканды кармап алып төрөчу. Төрөттө жамбаш чарасына күмөндүн нормалдуу келүүсү болуп башы менен же буттары менен келгенин эсептешчу. Туурасынан жатканын патология деп түшүнүшчү. Андай учурда күмөндү аначылар же башы менен, же буттары менен келүүсүнө тууралап айланткан-га аракет жасаган. Ичиндеги баланын жатканын тууралаш үчүн, кош бойлуу аялды төшөккө башын ылдыйлатып жаткырып коюшчу. Андан кийин ары берибурултуп жаткызып, сыртынан колдору менен айлантканга аракет кылынган. Күмөн туура жагынан келгенде, аял кайрадан бакандын жанына келип турчу. Аначы жанынан кетпей кам көрүп турчу. Акыркы толгоо учурунда аначы эки колу менен келиндин

курсагын кучактап, ылдый карай баланы багыттап турчу.

Бирок, бул ыкма төрөт созулуп кеткен учурларда, татаалдануларды көбөйтчү. Кош бойлуу аял мындай учурларда күчтүү толгоонун өтүшүнө чейин чалкалап жатып эс алып, анан кайрадан бакандын жанына келип турчу. Эмчи же төрөткө катышкан аялдардын бири, кээде атайын чакырылган күч-кубатту эркек киши, артынан келип эки колу менен курсагын толгоо учурунда баланы сыгып чыгаруу үчүн аракет жасаган. Н. Зеланд байыркы кыргыздардын төрөткө колдончу ыкмаларын жазып билдирген [7]. Murray W. Enkin et al. рандомизацияланган изилдөөлөрүү көрсөткөндөй, көптөгөн жылдар бою төрөткө колдонуучу кээбир ыкмалардын эффективдүүлүгү жок экенин билдиришкен [3]. Мисалы, илгери колдонгон күмөндү сыгып чыгаруу ыкмасына азыркы заманбап акушерликте тыюу салынган.

Кыргыз бакшылары төрөт учурунда хирургиялык кийлигишүүнү колдонгон эмес. Бирок, баланы буттарынан же колдорунан алып чыгарууну кенен колдонушкан. Чыкпай жаткан тонду колдору менен чыгаруу ыкмасын дагы колдончу (*Мис*.: колду жатынга киргизээрдин алдында, эмчилер колдорун жакшылап самындап жууган ж.б).

Тону чыгаары менен эле эне менен баланын кароосу бүтүп калган эмес. Көп нерселер тонго кылынган мамиледен көз каранды болгон. Тонго залал келтирүү, эне менен баланын ден соолугуна зыяндуу деп ойлошкон. Ошол себептен, тон алдын ала тазалап жуулуп, таза чүпүрөккө оролуп, адам менен мал тебелебей турган таза жана кургак жерге көмүлчү.

Жылуулукту сактоочу тизмектин көрүнүшү, ымыркайды атасынын же чоӊ атасынын тебетейине жаткыруу, энесинин көкүрөгүнө эрте жаткыруу, азыркы заманбап эне менен баланы кароонун принциптерине туура келет.

Заманбап акушерликте пациенттерге жагымсыз жана эффективдүүлүгү төмөн негизги технологиялар жана ыкмалар бар. Атап кеткенде: төрөгөн энелерге келип кетүүгө салынган тыюу, Рахмановтун керебети, төрөт учурунда тамак-аш ичүүнү азайттуу, клизманы рутиналык колдонуу, табарсыкты рутиналык катетеризациялоо, төрөттөн кийинки курсагына муз коюу, антисептиктер менен жыныс органдарын тазалоо, бала менен энени ажыратып бөлөк жаткыруу.

Жыйынтыктаганда, байыркы кыргыз элинин элдик медицинага тармагында төрөттө колдонулган көптөгөн эмпирикалык жана медико-гигиеналык ыкмалар, учурдагы далилдүү медицинадагы акушерликте жана коопсуз төрөттө колдоонуучу бардык инновациялык эффективдүү кийлигишүүлөр негизинен элдик эмпирикалык медицинадагы колдонулган ыкмалардын тууралыгын тастыкталган.

**Адабият**

*1. Руководство по эффективной помощи при беременности и рождении ребенка / [М. Энкин, М. Кейрс, Дж. Нейлсон и др.]. - Санкт-Петербург, 2003.*

*2. Бромлей Ю. В., Воронов А. А.. Народная медицина как предмет этнографических исследований // НСЭ. - 1976. - №5.*

*3. Global, regional, and national levels and trends in maternal mortality between 1990 and*

*2015, with scenario-based projections to 2030: a systematic analysis by the UN Maternal Mortality Estimation Inter-Agency Group and national levels and trends in maternal mortality between 1990 and 2015, with based prions to 2030: a systematic analysis by the UN Maternal Mortality Estimation Inter-Agency Group [Alkema L., Chou D., Hogan D. et al.] Lancet. 2016; 387 (10017): 462-74*

*4. Манас. Кыргыздардын баатырдык эпосу. – Бишкек, 2011. – С. 167-168.*

*5. Наливкин В., Наливкин М. Очерк быта женщины оседлого туземного населения Ферганы. – Казань, 1886.*

*6. Несбитт Д., Эбурдип П. Что нас ждет в 90-е годы. Мегатенденции: Год 2000. Десять новых направлений на 90-е годы. - М., 1992.*

*7. Зеланд, Н. Киргизы. Записки Западного сибирского Отделения русского географического Общества. – 1885. - Кн. VII. - № 2.*